**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ
ДОСТУКАЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛ ОКМОТ ДОСТУКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# БУЙРУК

# П Р И К А З

_______________№ ___________ Пахта-Дөбө айылы

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 8-апрелиндеги №232 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун жана Араван райондук мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 19-май айындагы №01-14/125-сандуу буйругун аткарууга алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 8-апрелиндеги №232 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун жана Жобосун аткарууга алуу максатында **буйрук кылам:**

1.Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 8-апрелиндеги №232 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу тартиби жөнүндө жобосу жана Араван райондук мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 19-май айындагы №01-14/125-сандуу буйругун аткарууга алынсын.

2.Айыл өкмөтүнүн аймагында коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери жана айыл өкмөтүнө караштуу балдар бакчаларынын жетекчилери жана мектеп директорлору - коррупциянын пайда болуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин Жободо белгиленген тартипте иштеп чыгып, бекитсин;

- коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча иш чараларды жүргүзүшсүн; - коррупциянын пайда болуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдарын тизмегин өздөрүнүн расмий сайттарында жарыялоону камсыз кылсын.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы А.А.Абдуллаевага жүктөлсүн.

**Башчы** **Т.Д.Таев.**

А.Абдуллаева

№ 114, 10.07.2026

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Таев Т.Д.

Кыргыз Республикасынын
мамлекеттик органдарында жана
жергиликтүү өз алдынча
башкаруу органдарында
коррупциялык тобокелдиктерди
табуу, баалоо жана башкаруу
тартиби жөнүндө жобого
1-тиркеме

**Коррупциялык тобокелдиктерди баалоо матрицасы**

| | | |
|---|---|---|
| Коррупциялык тобокелдиктин деңгээлин баалоо анын пайда болуу ыктымалдыгын жана мүмкүн болуучу кесепеттеринин (зыяндын) оордугун салыштыруу жолу менен жүргүзүлөт. Тобокелдиктин жыйынтыктоочу деңгээли ушул Матрицага ылайык баллдын суммасы менен аныкталат | | |
| **1. Тобокелдиктин ыктымалдуулук шкаласы** | | |
| *Деңгээл* | *Сыпаттама* | *Балл* |
| Төмөнкү | Коррупциялык тобокелдиктин индикаторлорунун минималдуу көрүнүшү (сейрек учурлар), тартылган адамдардын чектелген саны, коррупциялык тобокелдиктерди мүмкүн болуучу ишке ашыруунун жөнөкөй механизмдери | 1 |
| Орточо | Коррупциялык тобокелдиктин айрым индикаторлорунун болушу, дискрециялык ыйгарым укуктардын чектелген көлөмү, административдик жол-жоболордун жарым-жартылай ченемдик анык эместиги кошумча алдын алуу жана контролдук чараларды колдонуунун зарылдыгы | 2 |
| Жогорку | Коррупциялык тобокелдиктин маанилүү индикаторлорунун жыйындысы, кеңири дискрециялык ыйгарым укуктар, административдик жол-жоболорду ченемдик жөнгө салуунун жетишсиздиги жана ачык-айкындыгынын толук эместиги, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануунун жогорку ыктымалдыгы | 3 |
| Коррупциялык тобокелдиктин ыктымалдыгын баалоо индикаторлорунун тизмеги ушул Жобонун 14-пунктунда белгиленген | | |
| **2. Кесепеттердин (зыяндын) шкаласы** | | |
| *Деңгээл* | *Мүмкүн болуучу кесепеттердин (зыяндын) мүнөзү* | *Балл* |

| | | |
|---|---|---|
| Төмөнкү | Айрым административдик жол-жоболорду аткарууга олуттуу таасир этпеген олуттуу эмес финансылык, институттук зыян же ишкердик беделге келтирилген зыян | 1 |
| Орточо | Органдын айрым ыйгарым укуктарын, функцияларын же административдик жол-жоболорун ишке ашырууга таасир этүүчү сезилээрлик финансылык, институттук зыян же ишкердик беделине зыян | 2 |
| Жогорку | Органдын милдеттерин аткарууга, ошондой эле коомдук ишенимдин деңгээлине таасир этүүчү олуттуу финансылык, институттук зыян жана ишкердик беделине зыян | 3 |

**3. Тобокелдиктин деңгээлин аныктоо матрицасы**

| *Ыктымалдуулук ⇩ /зыян ⇨* | 1 (Төмөнкү) | 2 (Орточо) | 3 (Жогорку) |
|---|---|---|---|
| 1 (Төмөнкү) | 2 | 3 | 4 |
| 2 (Орточо) | 3 | 4 | 5 |
| 3 (Жогорку) | 4 | 5 | 6 |

**4. Жыйынтыктоочу балл боюнча тобокелдиктин категориясын аныктоо**

| *Баллдардын суммасы* | *Тобокелдиктин категориясы* |
|---|---|
| 2–3 | Төмөнкү |
| 4 | Орточо |
| 5–6 | Жогорку |

**5. Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли аныкталгандан кийин ички контролдун иштеп жаткан чараларынын натыйжалуулугун баалоо жүргүзүлөт. Контролдун натыйжалуулугу жогору болгондо, калдык тобокелдиктин деңгээли бир категорияга төмөндөтүлүшү мүмкүн**

**6. Тобокелдиктин деңгээлине жараша төмөнкүдөй башкаруу чаралары колдонулат:**

| | |
|---|---|
| Төмөнкү | Коррупциялык тобокелдиктин абалына жана белгиленген жол-жоболордун сакталышына мониторинг жүргүзүү |
| Орточо | Коррупциялык тобокелдиктин ишке ашуу ыктымалдыгын төмөндөтүүгө жана анын пайда болушуна шарт түзгөн жагдайларды жоюуга багытталган алдын алуу, уюштуруу жана контролдук чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу |
| Жогорку | Тиешелүү тобокелдикти коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу планына биринчи кезекте киргизүү, аны азайтуу же жоюу боюнча чараларды көрүү, мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан контролду жүзөгө ашыруу |

| |
|---|
| **7. Жумушчу топ (жооптуу түзүмдүк бөлүм, кызмат адамы) тарабынан ар бир ыктымалдык жана кесепеттер критерийи боюнча ыйгарылган баллга кыскача негиздеме келтирилет. Баалоонун жыйынтыктары баалоо баракчасында таризделет, анда аныкталган тобокелдиктин сыпаттамасы, тобокелдиктин ыктымалдыгын жана кесепеттерин (зыянды) баалоо, ыйгарылган баллдар, тобокелдиктин жыйынтык деңгээли, калдык тобокелдик жөнүндө маалыматтар жана тобокелдикти азайтуу боюнча сунушталган чаралар камтылат** |
| **8. Коррупциялык тобокелдиктерди баалоонун материалдары мамлекеттик органда, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органында белгиленген тартипте сакталууга тийиш жана тобокелдиктерге мониторинг жүргүзүүдө, аларды минималдаштыруу же четтетүү боюнча чараларды түзөтүүдө, отчет даярдоодо, ички жана тышкы контролду жүзөгө ашырууда пайдаланылат** |

Эскертүү: Матрица ушул Жобонун 12–15-пункттарына ылайык коррупциялык тобокелдиктерди баалоодо колдонулат.

Достук айыл өкмөтүнүн 2026-
жылдагы № 114 буйругуна
№ тиркеме

**Достук айыл өкмөтүнүн коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын**
**Иш-планы**

| № | Достук айыл өкмөтүнө караштуу мектеп жана балдар бакчаларына жана аппарат кызматкерлеринин функциясы (ыйгарым укуктары) | Коррупциянын тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы: Системалуу (реалдуу), потенциалдуу, кырдаалдык | деңгээли (нөлдүк, төмөнкү, орточо нөлдүк) | Түзүмдүк бөлүмдүн (мамлекеттик органдын, мекеменин) аталышы | Коррупциялык тобокелдикке кабылган кызмат орундары | Башка маморгандарда/ЖӨБОда коррупциялык тобокелдиктин пайда болушу мүмкүнбү (ооба болсо, кайсы экенин көрсөтүү) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кызмат көрсөтүү функциясы** | | | | | | | |
| 1 | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана жеке менчик турак жай куруу үчүн жер тилкелерин берүү жана ижарага берүү комиссиялары | Жеке менчик турак жай куруу үчүн жер тилкелерин берүү жана ижарага берүү учурлары | Кырдаалдык | Жогору | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана жеке менчик турак жай куруу үчүн жер тилкелерин берүү жана ижарага берүү комиссиялары | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана жеке менчик турак жай куруу үчүн жер тилкелерин берүү жана ижарага берүү комиссиялары | Жерге муктаждардын документтерин кабыл алууда, жер комиссиясынын отурумунда жана аукцион өткөрүүдө |
| 2 | Айыл өкмөтүнүн муктаждыктар үчүн товарларды сатып алуу | Мамлекеттик сатып алуулар | Кырдаалдык | Жогору | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана товарларды | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана товарларды | Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган маалыматты суроо |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | сатып алуу боюнча түзүлгөн комиссия курамы | сатып алуу боюнча түзүлгөн комиссия курамы | |
| 3 | Айыл өкмөтүнүн муниципалдык кызмат орундарына дайындоо, кадрлар резервине киргизүү, аттестациялоо | Бош кызмат оруну пайда болгондо, аттестациялоо учурлары | Кырдаалдык | Орто | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери муниципалдык кызмат орундарына дайындоо, кадрлар резервине киргизүү, аттестациялоо комиссия курамы | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери муниципалдык кызмат орундарына дайындоо, кадрлар резервине киргизүү, аттестациялоо комиссия курамы | Бош кызмат оруну пайда болгон жана аттестациялоо учурлары |
| 4 | Айыл өкмөтүнө караштуу балдарды мектепке чейинки билим берүү мекемелерине кабыл алуу | Балдарды мектепке чейинки билим берүү мекемелерине кабыл алуу учурлары | Потенциялдуу | Жогору | Мектепке чейинки билим берүү мекемелери | Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин башчылары | Балдарды мектепке чейинки билим берүү мекемелерине кабыл алуу учурлары |
| 5 | Аймактык социалдык экономикалык өнүгүсүнө жана инфраструктурасын жакшыртуу, жергиликтүү бюджетти жогорулатуу | Социалдык объектилерин оңдоп түзөтүүгө берилген тендерлер, чечимдерди, токтомдорду кабыл алуу | Кырдаалдык | Жогору | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | Айыл өкмөт башчылары, орун басарлары, жооптуу катчылар жана тиешелүү адистер | Бул тобокелдиктер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Жөлөк пулдарды дайындоо | Жөлөк пулдарды дайындоо үчүн документтерди кабыл алуу учурлары | Потенциалдуу | Орто | Эмгек, социалдык коргоо жана миграция башкармалыгы айыл өкмөтүнүн соц адистери | Жөлөк пулдарды дайындоо адистери | Жөлөк пулдарды дайындоо үчүн документтерди кабыл алуу учурлары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган маалыматты суроо |
| **Уруксат берүү функциясы** | | | | | | | |
| 1 | Жергиликтүү салыктардын өлчөмүн белгилөө, жыйноо | Жергиликтүү салыктардын өлчөмүн белгилөө, жыйноо учурлары | Потенциалдуу | Жогору | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын салыкчылары | Салык кызматынын адиси, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын салык боюнча адиси | Салык кызматынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн, салыктардын ашыкча жыйналгандарын кайтаруу, же эсепке алуу учурлары |
| 2 | Жайыттарды пайдалануу, ижарага берүү | Жайыттарды убактылуу пайдаланууга берүү, аукцион өткөрүү, ижарага берүү учурлары | Кырдаалдык | Жогору | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары, жайыт комитетинин төрагасы | Бул тобокелдик мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 3 | Турак жай салуу үчүн жер тилкелерин берүү | Жер бөлүп берүү учурунда мыйзамсыз жер бөлүп берүү | Кырдаалдык | Жогору | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары, жер адиси | Бул тобокелдик мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 4 | Жер акы өлчөмдөрүн баалоо, | Төлөмдөрдүн көлөмүн | Потенциалдуу | Жогору | Жергиликтүү өз алдынча | Жергиликтүү өз алдынча | Бул тобокелдик мамлекеттик органдарга |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жер мамилелерин жөнгө салууда жана укуктук системаны ишке ашырууда, муниципалдык менчиктерди убактылуу пайдаланууга берүүдө жана башкарууда | төмөндөтүп көрсөтү | | | башкаруу органдары | башкаруу органдарынын башчылары, мекеме-ишканалардын жетекчилери, тиешелүү кызматкерлер | жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |
| 5 | Таза сууну пайдаланууда, каттуу тиричилик калдыктарын таштоочу адамдардын санын (тизмесин) түзүүдө | Үй-бүлө мүчөлөрүн санын азайтып жазуу тобокелдиги | Кырдаалдык | Орто | Таза суу жана тазалык муниципалдык ишканасы | Муниципалдык ишкананын тийешелүү кызматкерлери | Бул тобокелдик мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине тиешелүү болушу мүмкүн |

**Жооптуукатчы:** **А.А.Абдуллаева**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ ДОСТУК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛ ОКМОТ
ДОСТУКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# БУЙРУК

# РАСПОРЯЖЕНИЕ

12.08.2024 №159 Пахта-Дөбө айылы.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгын аткарууга алуу жөнүндө**

Коррупцияга каршы аракеттенүүнү күчөтүү, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан коррупциянын алдын алуунун натыйжалуу механизмдерин колдонуу, коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү, ошондой эле райондо коррупцияны минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетүүгө багытталган чаралардын комплексин системалуу негизде ишке ашыруу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 Жарлыгын жана Араван райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 5-август айындагы №01-14/254-буйругун аткарууга алуу максатында **буйрук кылам:**

1.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгы аткарууга алынсын. (тиркелет)

2. Достук айыл өкмөтүнүн 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу иш-чаралар планы (2025-2027-жылдардын орто мөөнөтүү мезгилинде I-этап үчүн) тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу иш-чаралар планын (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I-этап үчүн) аткарууга алышсын;

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары А.Абдуллаевага жүктөлсүн.

**Башчы** **М.Н.Кадиров**

А.Абдуллаева

ДОСТУК
2025 жыл

Достук айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 12-август айындагы №159 буйругуна тиркеме

**2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча стратегияны ишке ашырууда Достук айыл өкмөтүнүн иш-чаралар планы**
(2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде І-этап үчүн)

| № | Милдеттер | Иш-чаралар | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар | Жооптуу аткаруучулар | Каржылоо булактары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 5 | 6 | 6 | 7 |
| **1.Коррупциянын алдын алуу максатында айыл өкмөтүнүн ишинин натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун камсыздоо** | | | | | | |
| 1 | Айыл өкмөтүнүн ишинде айкындуулук жана ачыктык принциптерин бекемдөө | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлердин аракети (аракетсиздиги) үчүн коррурпциянын алдын алуунун ички системасын түзүү, мыйзамдардын сакталышына, кызматтык тартиптин абалына үзгүлтүксүз контролду камсыз кылуу аркылуу жоопкерчилигин бекитүү | 2025-жылдын 3-кварталы | Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин кызматтык нускамаларына коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү чараларын көбөгөндүгү үчүн алардын жетекчилеринин жоопкерлигин жогорулаткан толуктоолор киргизилет | айыл өкмөтүнүн кызматкерлери | Талап кылынбайт |
| 2 | Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлердин системасынын кызматкерлеринин коррупциялык мотивациясын төмөндөтүү | Жогорку квалификациялуу адистерди тартуу жана кадрдык потенциалды сактоо үчүн шарттарды жакшыртуу, айыл өкмөтүнүн иштин кадыр-баркын жана жагымдуулугун жогорулатуу жана мамлекеттик башкаруу секторунда коррупциялык тобокелдиктердин болушун төмөндөтүү боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгуу | 2025-2027-жылдар | Айыл өкмөтүнүн кызмат орундарына кадрларды тандоо жана системаны жакшыртуу боюнча чаралар көрүлөт | айыл өкмөтүнүн кызматкерлери | Айыл өкмөтү |
| **2.Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын айыл өкмөтү менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу** | | | | | | |
| 1 | Социалдык чөйрөнүн жана экономиканын тармактарында жарандардын жергиликтүү бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштыруу | Жергиликтүү бийлик органдарынын жарандар жана жеке сектор менен өз ара аракеттенүү процесстерин автоматташтырууга багытталган ченемдик укуктук актыларга талдоо жүргүзүү, жол-жоболордун жана чечимдердин кабыл алуу процесстеринин айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу, коомдун маалымдуулугун | 2025-жыл | Жол-жоболордун айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылууга, санариптештирүү фонунда талап кылган документтердин тизмесин кыскартууга багытталган ЧУА кабыл алынат | айыл өкмөтүнүн тийиштүү кызматкерлери | Жергиликтүү бюджет |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жогорулатуу | | | | |
| 2 | “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү аутсорсингте берүү бөлүгүндө өркүндөтүү | 1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекет тарабынан аккредиттелген жеке юридикалык жактарга берүү (аутсорсингте) мүмкүнчүлүгүн караган “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгуу катышуу | 2025-жылдын 1-жарым жылдыгы | “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамы кабыл алынды | айыл өкмөтү | Жергиликтүү бюджет |
| | | 2.КРнын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана ЖӨБОнун аутсорсингди уюштуруу үчүн кызмат көрсөтүү боюнча функцияларына талдоо жүргүзүүнү уюштуруу боюнча, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрүн аутсорсингте берүүнүн вариантын аныктоо жана баалоо үчүн рыноктун даярдыгын талдоо тартибин аныктоо боюнча методикалык көрсөтмөлөрдү караган мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүгө юридикалык/жеке жактарды мамлекеттик аккредитациялоо жөнүндө типтүү жобону иштеп чыгуу | 2025-жылдын 3-кварталы | Типтүү жобону бекитүү жөнүндө ЧУА кабыл алынган | айыл өкмөт ү | Жергиликтүү бюджет |
| 3 | Жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу | Коррупцияга жол бербөө жана алдын алуу боюнча чараларды көрүү менен коррупциялык укук бузууларга байланыштуу муниципалдык кызматчыларга келип түшкөн кайрылууларды (даттанууларды) кароо жана талдоо жүргүзүү | 2025-2027-жылдар | Ички укуктук актылар аркылуу коррупциянын алдын алуу чараларын көрүү менен кайрылууларга талдоо жүргүзүүнүн тартиби жөнгө салынды, ал жыл сайын жүргүзүлөт | айыл өкмөтү | Талап кылынбайт |

**3.Мамлекеттик каражаттарды башкаруу, финансылык контролдоо системаларын жана сатып алуу жол-жоболорун өркүндөтүү**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Бюджеттик прецесстердин ачык- | Төмөнкүлөргө багытталган бюджеттик укуктук мамилелер | 2025-жылдын 2-жарым | | Айыл өкмөтү | Жергиликтүү бюджет |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | айкындуулугун жогорулатуу, контролдоо системасын өркүндөтүү жана финансылык тарипти бекемдөө | чөйрөсүндөгү ЧУА ды колдонууга талдоо жүргүзүү:<br>-кирешелерди, бюджеттик бөлүнгөн каражаттарды түзүүнүн, мамлекеттик долбоорлорду ишке ашыруунун, салык жеңилдиктерин берүүнүн, мамлекеттик (муниципалдык) менчик объекттерин менчиктештирүү процесстерин ишке ашыруунун мыйзамдуулугун жана толуктугун камсыз кылуу;<br>-бюджеттик документтерди жарыялоо аркылуу бюджеттин ачык-айкындуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү, бюджеттик каражаттардын чыгымдалышын контролдоо жана көзөмөлдөө механизмдерин бекемдөө, бюджеттик процесстерге жарандык коомду тартуу, жаңы санариптик технологияларды пайдаланууда жарандардын маалымдуулугун жогорулатуу | жылдыгы | | | |
| **4.Санариптештирүү процесстерин өнүктүрүү жана азыркы этапта коррупцияга каршы күрөшүүнүн натыйжалуу чараларынын бири катары мамлекеттик жана муниципалдык түзүмдөрдүн ишине маалыматтык технологияларды киргизүү** | | | | | | |
| 1 | Жергиликтүү башкаруу системасын санариптештирүү | Айыл аймагында электрондук башкарууну ишке киригизүү боюнча чараларды көрүү.<br>Жергиликтүү органдар менен коммерциялык уюмдардын ортосунда маалымат алмашууну камсыздоо менен “Түндүк” ВЭӨСти өнүктүрүү<br>Маалыматты иштеп чыгуунун, берүүнүн жана жайылтуунун, электрондук форматта кызматтарды көрсөтүүнүн санариптик технологияларынын негизинде мамлекеттик башкаруу системасынын иштөөсү | 2025-2026-жылдар | Жергиликтүү башкаруу системасында санариптик технологияларды ишке киргизүү процесстерин аяктоо боюнча чаралар көрүлдү | айыл өкмөтү | Жергиликтүү бюджет |
| 2 | Улуттук таанымал | “Түндүк” ВЭӨС менен | 2026- | жергиликтүү өз | айыл өкмөтү | Жергиликтүү |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | кызмат адамдарынын (мындан ары-ТКА) бирдиктүү маалыматтар базасын ишеп чыгуу | интеграциялоо жана "Түндүк" ВЭӨС катышуучуларынын ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү чечимдеринин катологуна сервисти жайгаштыруу менен улуттук ТКА маалыматтар базасынын бирдиктүү формасын түзүү | жылдын 1-жарым жылдыгы | алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын алдында ТКА маалыматтар базасынын болушу жана толук иштөөсү. Индентификациялаңган адамдардын баруулары эсептегич менен актуалдуу жана жаңыртылуучу ТКА маалыматтар базасынын болушу | | бюджет |
| 3 | Салык төлөөчүлөргө көрсөтүлүүчү кызматтарды башкаруунун электрондук системасын өркүндөтүү | Салыктын жол-жоболордун жана башкаруунун автоматташтырылган маалыматтык системаларын автоматташтыруу жана өркүндөтүү | 2025-жылдын 1-жарым жылдыгы | Салык төлөөчүлөрдүн салык кызматынын органдарынын кызматкерлери менен түз байланышын минималдаштыруу | Мамлекеттик салык кызматы айыл өкмөтү биргеликте | Жергиликтүү бюджет |
| 4 | ЖӨБОда жерди пайдалануу боюнча иштин санариптик эсебин, ошондой эле айыл чарба багытындагы жерлердин санариптик реестрин түзүү | ЖӨБОда жерди пайдалануу боюнча иштин санариптик эсебин, ошондой эле айыл чарба багытындагы жерлердин санариптик реестрин түзүү | 2025-2026-жылдар | Жерди пайдалануунун натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун олуттуу жогорулатууну камсыздоочу жерге жайгаштыруунун санариптик технологиялары ишке киргизилди | Айыл өкмөттөр | Жергиликтүү бюджет |
| 5 | Санариптештирүүнүн алкагында муниципалдык кызматтарды алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдуулук боюнча жергиликтүү органдардын жана жарандардын өз ара аракеттенүүсү | Интернет-ресурстар аркылуу муниципалдык кызматтарды (маалыматтар ж.б.) алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө жарандардын маалымдуулугун кеңейтүү боюнча уюштуруучулук жана практикалык чараларды көрүү | 2025-2027-жылдар | Жарандарды интернет-ресурстар аркылуу муниципалдык кызматтарды алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалымат менен камсыздоо боюнча чаралар көрүлдү | айыл өкмөтү | Жергиликтүү бюджет |
| 6 | Жарандардын маалыматка жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу | Айыл өкмөтүнүн расмий сайтына коррупцияны алдын алуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө маалыматтарды мезгил-мезгили менен жарыялоо, жарандардын маалыматка эркин жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берүүчү программалык-маалыматтык камсыздоонун санариптик технологияларын киргизүү, ошондой эле | 2025-2027-жылдар | Муниципалдык расмий сайтына алардын иши жөнүндө, "Коррупцияга каршы аракеттенүү" атайын бөлүгүн маалыматтык толтурууну актуалдаштыруу аркылуу коррупцияны алдын алуу жаатындагы иштер жөнүндө маалыматтарды жарыялоо боюнча чаралар көрүлөт | айыл өкмөтү | Жергиликтүү бюджет |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | мобилдик тиркемелерди өнүктүрүү. | | | | |
| **5.Стратегияны ишке ашыруу механизмдери, финансы ресурстары** | | | | | | |
| 1 | Стратегияны ишке ашыруу механизмдерин иштеп чыгуу | Коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча стратегиялык ыкмаларды жана багыттарды камтыган, ушул иш-чаралар планынын биринчи этабын ишке ашыруу механизмдерин камсыз кылуу | 2025-жылдын 1-кварталы | Айыл өкмөтү тарабынан жыл сайын Стратегиялык документтин иш-чаралар планын ишке ашырууну камсыз кылуучу иштин багыттары боюнча деталдаштырылган коррупцияга каршы пландуу иш-чаралар бекитилген | айыл өкмөтү | Жергиликтүү бюджет |
| 2 | Коррупцияга каршы иш-чараларды өз убагында жана толук финансалык камсыздоо | Стратегияны ишке ашыруу боюнча коррупцияга каршы иш-чараларды каржылоо | 2025-2027-жылдар | Стратегиядан келип чыккан коррупцияга каршы иш-чаралар мамлекеттин бюджетинен жана башка мүмкүн болгон булактардан каржылоо менен камсыз болгон, бул аларды натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүндүк берет | айыл өкмөтү | Жергиликтүү бюджет |
| 3 | Пландуу иш-чараларды актуалдаштыруу, жаңы милдеттерди коюу жана коррупциянын азыркы чакырыктарына жана коркунучтарына ылайык келген коррупцияга каршы чараларды иштеп чыгуу | Коррупцияга каршы пландуу иш-чаралардын 1-этабын ишке ашыруунун жыйынтыктарын чыгаруу жана 2028-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын 2-этабынын долбоорун иштеп чыгуу | 2027-жылдын 1-жарым жылдыгы | Талдоонун негизинде 2028-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы даярдалат жана бекитилет | айыл өкмөтү | Жергиликтүү бюджет |
| **7.Стратегияны ишке ашыруу процесстерине мониторинг жана баалоо жүргүзүү** | | | | | | |
| 1 | Стратегияны ишке ашыруунун натыйжалуулугуна мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасынын укуктук механизмдерин киргизүү | Натыйжалуулук жана таасирдүүлүк индикаторлоруна негизделген коррупцияга каршы мамлекеттик стратегияны ишке ашырууга мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасынын укуктук механизмдерин, ошондой эле аны автоматташтыруу мүмкүнчүлүгүн кароо менен мониторинг жөнүндө отчеттун бирдиктүү формасын иштеп чыгуу | 2025-жылдын 1-жарым жылдыгы | Мониторинг жүргүзүүнүн тартиби (методикасы) жана коррупцияга каршы мамлекеттик стратегияны ишке ашырууга мониторингжүргүзү үжөнүндө отчеттун бирдиктүү фрмасы иштелип чыкты жана бекитилди. Коррупцияга каршы аркеттенүү боюнча мамлекеттик башкаруу жана ЖӨБО нын ишин баалоо боюнча статистикалык | айыл өкмөтү | Жергиликтүү бюджет |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | маалыматтарга киргизүү үчүн негизги көрсөткүчтөр аныкталды, мониторинг жүргүзүү процесстерин автоматташтыруу инструменттери иштелип чыкты | | |
| 2 | Стратегияны ишке ашыруу процессине системалуу мониторинг жана баалоо жүргүзүү | Сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү эске алуу менен коррупцияга каршы иш-чараларды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчотту даярдоо үчүн ички мониторинг жүргүзүү | 2025-2027-жылдар (жыл сайын) | Жыл сайын, отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-февралынан кечиктирбестен, жооптуу аткаруучулар тарабынан Стратегиядан келип чыккан планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө отчеттор. Коррупцияны алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга берилет | Айыл өкмөтү | Жергиликтүү бюджет |

**Достук айыл өкмөтүнүн бөлүм башчысы:** **А.А.Абдуллаева.**